# Конок лекция

ОшТУнун индустриалдык-педагогикалык институтунун кесипке билим берүүнүн технологиясы кафедрасынын студенттерине Өзбекстан Республикасындагы Андижан экономика жана педагогика университетинин филология факультетинин деканы Сирожиддинова Ирода Махаммадовна “Психологиядагы жаңы тенденциялар” аттуу темада конок лекция окуду.

Лекциянын жүрүшүндө Ирода Махаммадовна студенттерди психологиянын азыркы замандын талабына ылайык жаңы ыкмалары, технологиялары, тажрыйбалары жана психологиялык изилдөөлөрдүн жаңы багыттары менен таныштырды. Ошондой эле, интернеттин жана социалдык медианын психологияга кандай таасир этерин, жаңы терапевтикалык жана диагностикалык ыкмаларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңири баяндады.

Студенттер лекцияга кызыгуусун билдирип, жаңы билимдерге болгон кызыгуусун жана анын иш жүзүндөгү маанисин талкуулашты.

Студенттердин психологиялык билим алуусуна, анын ичинде эмоционалдык жана когнитивдик аспектилерине көңүл бурулуучу заманбап билим берүү процесстери жөнүндө сүйлөшүүлөр болду. Бул лекция студенттердин көз карашын кеңейтүүгө жана аларга психологиядагы жаңы изилдөөлөрдү түшүнүүгө жардам берди.





Ош технологиялык университетинин индустриалдык-педагогикалык институтунун кесиптик билим берүүнүн технологиясы кафедрасы менен Фергана мамлекеттик университетинин технологиялык билим берүү кафедрасы биргеликте "Технологиялык билим берүүнүн заманбап ыкмалары жана илимий иштер боюнча тажрыйба алмашуу" аттуу темада гибриддик форматта эл аралык илимий-методикалык семинар өткөрүштү.

Семинардын максаты - технологиялык билим берүү тармагындагы заманбап ыкмаларды талкуулоо, илимий иштер боюнча тажрыйба алмашуу жана эки университеттин ортосундагы кызматташтыкты чыңдоо болуп саналат.

Семинарга ОшТУнун, Фергана мамлекеттик университетинин, Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин, Талас мамлекеттик университетинин, Нарын мамлекеттик университетинин, Бишкек мамлекеттик университеттин окумуштуулары жана аспиранттары, магистранттары катышты.

Иш-чаранын пленардык жыйынында Талас мамлекеттик университетинин маалыматтык технологиялар, техника жана экономика институтунун директору, п.и.к. А.Ө.Курманалиева, КМТУнун Физика кафедрасынын доценти, п.и.к. Б.Б.Мурзаибраимова “Технологиялык билим берүүдөгү инновациялык ыкмалар. Заманбап билим берүүдө 4К көндүмдөрү жана 5Е модели” аттуу темада илимий докладдарын жасашты. Семинар кошумча баяндамалар, талкуулар менен уланды.

Семинардын жыйынтыгында катышуучулар технологиялык билим берүү тармагындагы акыркы жетишкендиктер менен таанышып, илимий

иштер боюнча тажрыйба алмашышты, ошондой эле Скопуста жана башка эл аралык илимий базаларда макала жарыялоо боюнча пайдалуу маалыматтарды алышты.

Бул семинар эки университеттин ортосундагы кызматташтыкты чыңдоого жана технологиялык билим берүү тармагын өнүктүрүүгө чоң салым кошот деп ишенебиз.




